**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим жана инновациялар министрлигинин 2026-жылдын «» 5.06**
**№ 324**
**буйругу менен**
**БЕКИТИЛГЕН**

# "ТАЛАС АГРАРДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИ" МЕКЕМЕСИНИН

# У С Т А В Ы

Кыргыз Республикасы- 2026

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. "Талас агрардык-экономикалык колледжи" мамлекеттик билим берүү мекемеси (мындан ары – Колледж) баштапкы жана жогорулатылган деңгээлдеги орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу көп тармактуу орто кесиптик окуу жайы болуп саналат.

2. Талас агрардык-экономикалык колледжи Кыргызстан Республикасынын Министрлер Кабинетинин 1991-жылдын 18-июнундагы № 289 токтому менен "Талас айыл чарба техникуму" катары түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1996-жылдын 8-июлундагы № 309 токтому менен техникум Кыргыз агрардык академиясынын курамына анын Талас айыл чарба техникуму катары кирген.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2000-жылдын 25-июлундагы № 189 Жарлыгы менен техникум Талас мамлекеттик университетинин курамына анын айыл чарба техникуму катары кирген.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2006-жылдын 29-декабрындагы № 646 Жарлыгы менен техникум Талас мамлекеттик университетинин курамынан чыккан.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы № 53 токтомун аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынын негизинде, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2008-жылдын 7-августундагы № 487/1 жана 2009-жылдын 21-майындагы № 575/1 буйруктары менен техникум "Талас агрардык-экономикалык колледжи" болуп өзгөртүлгөн.

3. Колледждин аталышы:

-мамлекеттик тилде – "Талас агрардык-экономикалык колледжи" мекемеси;

-расмий тилде – учреждение «Таласский аграрно-экономический колледж»;

-англис тилинде – institution "Talas agrarian and economic college".

Колледждин кыскартылган аталышы – ТАЭК.

4. Колледждин юридикалык дареги: 724202, Кыргыз Республикасы, Талас облусу, Талас шаары, Ч. Айтматов көчөсү № 303, телефон (03422) 5 29 50, 5 24 02, электрондук почта: talasagrtehn@mail.ru, сайт: taek.edu.kg.

5. Колледждин уюштуруучусу Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим жана инновациялар министрлиги болуп саналат. Колледждин менчик формасы: мамлекеттик. Уюштуруучулук-укуктук формасын эске алуу менен мекеменин тиби: орто кесиптик билим берүүнүн көп тармактуу, бюджеттик билим берүү мекемеси. Колледж коммерциялык эмес уюм болуп эсептелет.

6. Колледж юридикалык жак болуп саналат, өз алдынча балanска, акча каражаттарын сактоо жана эсептешүү, кредиттик жана кассалык операциялардын бардык түрлөрүн жүзөгө ашыруу үчүн банктык жана башка кредиттик мекемелерде эсептешүү жана валюталык эсептерине, ошондой эле

кыргыз жана орус тилдеринде өзүнүн толук аталышы жазылган, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин сүрөтү түшүрүлгөн тегерек мөөргө, штамптарга жана өз аталышы жазылган бланктарга ээ.

7. Колледж чарбалык иштин жана жарандык укуктун толук укуктуу субъекти болуп саналат, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча юридикалык жак деп таанылат жана өзүнүн өз алдынча балансында эсепке алынуучу обочолонгон мүлккө менчик укугунда ээлик кылат, өз атынан мүлктүк укуктарды сатып алып, ишке ашыра алат, милдеттенмелерди аткарат, сотто доогер жана жоопкер боло алат.

8. Колледжди лицензиялоо жана аккредитациялоо (мамлекеттик же көз карандысыз) Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

Колледж билим берүү ишин жүргүзүү укугуна ага лицензия берилген күндөн тартып ээ болот. Колледж өзүнүн бүтүрүүчүлөрүнө белгиленген үлгүдөгү билимдүүлүгү жана квалификациясы жөнүндө документти берүү укугуна аккредитациядан (мамлекеттик же көз карандысыз) өткөн учурдан тартып ээ болот.

9. Колледж өзүнүн түзүмүндө билим берүү программаларынын деңгээлин, түрүн жана багытын, окутуунун формасын жана анда окугандардын болуу режимин эске алуу менен билим берүү ишин жүзөгө ашырууну камсыз кылган ар кандай түзүмдүк бөлүмдөргө ээ боло алат.

10. Колледж өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдорун, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдорун жана тескемелерин, Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим жана инновациялар министрлигинин буйруктарын жана ушул Уставды жетекчиликке алат.

11. Колледждин Уставы Кыргыз Республикасынын Орто кесиптик билим берүү уюму жөнүндө жобонун, Мамлекеттик жана муниципалдык орто кесиптик билим берүү уюмунун Типтүү уставынын, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын негизинде иштелип чыккан жана колледждин көп тармактуу орто кесиптик окуу жайы катары ишмердүүлүгүн жөнгө салат.

12. Колледж өз функцияларын ага ыкчам башкаруу укугунда бекитилип берилген мамлекеттик менчиктин базасында жүзөгө ашырат.

13. Ушул Уставда көрсөтүлгөн ченемдик укуктук актылар өзгөргөн учурларда, колледж жаңыдан кабыл алынган тиешелүү укуктук документтерди жетекчиликке алат.

## 2-глава. Колледждин ишмердүүлүгүнүн предмети жана максаттары

14. Колледждин ишмердүүлүгүнүн негизги максаттары төмөнкүлөр

болуп саналат:

1) орто кесиптик билим алуу аркылуу инсандын интеллектуалдык, маданий жана адеп-ахлактык өнүгүүгө болгон муктаждыктарын канааттандыруу;

2) эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүү, туруктуу кесиптик өсүүгө, социалдык жана кесиптик мобилдүүлүккө даяр, Талас облусунун жана бүтүндөй республиканын экономикасынын суроо-талаптарына, муктаждыктарына жооп берген, калыптанган жарандык сапаттарга ээ болгон квалификациялуу адистерди кесиптик иштин түрлөрүн өз алдынча аткарууга даярдоо;

3) кызматкерлерди даярдоо, кесиптик кайра даярдоо жана алардын квалификациясын жогорулатуу жана жумушчу кадрларды даярдоо;

4) ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылуу, аларды колдонуунун натыйжалуулугун көзөмөлдөө;

5) окутуу чөйрөсүндө колледждин негизги кесиптик билим берүү программаларынын максаты: гуманитардык, социалдык, экономикалык, математикалык жана табигый-илимий билимдердин негиздери боюнча даярдоо, бүтүрүүчүгө тандап алган иш чөйрөсүндө ийгиликтүү иштөөгө мүмкүндүк берүүчү орто кесиптик билим алуу, анын эмгек рыногунда социалдык мобилдүүлүгүнө жана туруктуулугуна өбөлгө түзүүчү универсалдуу жана предметтик-адистештирилген компетенцияларга ээ болуу;

6) инсанды тарбиялоо чөйрөсүндө колледждин негизги кесиптик билим берүү программаларынын максаты: билим алуучуларда социалдык-инсандык сапаттарды, максатка умтулуучулукту, уюштуруучулукту, эмгекчилдикти, жоопкерчиликти, жарандуулукту, коммуникативдүүлүктү, толеранттуулукту калыптандыруу, жалпы маданиятты жогорулатуу.

15. Көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн колледж билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарда белгиленген тартипте ишмердүүлүктүн төмөнкүдөй негизги түрлөрүн жүзөгө ашырат:

1) жалпы орто билим берүүнүн, орто кесиптик билим берүүнүн, кошумча кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашыруу;

2) юридикалык жана (же) жеке жактар менен түзүлгөн келишимдерге ылайык, тийиштүү билим берүү программаларында жана мамлекеттик билим берүү стандарттарында каралбаган кошумча акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүү;

3) илимий-изилдөө жана инновациялык ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу.

16. Колледж жарандар жана юридикалык жактар үчүн акы төлөө негизинде жана бир эле кызмат көрсөтүүдө бирдей шарттарда Уставда каралган билим берүү чөйрөсүндөгү анын негизги ишмердүүлүк түрлөрүнө кирүүчү жумуштарды аткарууга, кызматтарды көрсөтүүгө укуктуу. Акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүү колдонуудагы мыйзамдарда белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

17. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык уруксат берүүчү документти (лицензия, аккредитациялоо жөнүндө күбөлүк ж.б.) талап кылган ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу укугу колледжде ал алынган күндөн тартып же анда көрсөтүлгөн мөөнөттө пайда болот жана эгерде мыйзамдарда башкача белгиленбесе, анын колдонуу мөөнөтү аяктагандан кийин токтотулат.

18. Колледжде кесиптик бирликтер жана башка коомдук уюмдар түзүлүшү мүмкүн, алардын ишмердүүлүгү анын негизги ишмердүүлүгүнө жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеши керек.

## 3-глава. Колледждин укуктары жана милдеттери

19. Колледж төмөнкүлөргө укуктуу:

1. Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарында белгиленген чектерде билим берүү, административдик, финансы-экономикалык ишмердүүлүктү өз алдынча жүзөгө ашырууга, ошондой эле башкаруучулук чечимдерди кабыл алууга;
2. билим алуучулардын кезектеги жана аралыктык аттестациясын өткөрүүнүн баалоо тутумун, формаларын, тартибин жана мезгилдүүлүгүн, ошондой эле аралыктан окутуу, онлайн-технологияларды жана гибриддик окутууну камтыган методдорду, каражаттарды жана билим берүү технологияларын өз алдынча тандоого;
3. билим берүү уюмундагы теориялык даярдоону билим алуучунун жумуш ордундагы практикалык окутуу менен айкалыштырууну камсыз кылуу менен дуалдык окутууну колдонууга;
4. билим берүү программаларын ишке ашырууда окутуу тилин же тилдерин аныктоого;
5. билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон түзүмдүк бөлүмдөрдү, анын ичинде окуу кабинеттерин, лабораторияларды, окуу-өндүрүштүк өнөрканаларды, окуу-өндүрүштүк комплекстерди, технопарктарды, бизнес-инкубаторлорду жана башка бөлүмдөрдү түзүүгө;
6. эл аралык келишимдердин жана макулдашуулардын негизинде билим берүү, илим жана башка ишмердүүлүк чөйрөсүндө эл аралык кызматташтыкты жүзөгө ашырууга;
7. уставда каралган ишкердик ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга жана кошумча акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө.

20. Колледж милдеттүү:

1. билим берүү программаларынын мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык ишке ашырылышын камсыз кылууга;
2. билим алуучулардын окуусу, тарбияланышы жана ден соолугун коргоо үчүн коопсуз шарттарды камсыз кылууга;
3. саясий жана диний партияларды жана уюмдарды түзүүгө тыюу салууну, ошондой эле билим алуучулар менен кызматкерлердин арасында саясий жана диний үгүт-насаат иштерин жүргүзүүгө тыюу салууну сактоого;
4. бир эле адистик боюнча даярдоону жүзөгө ашыруучу бири-бирин

кайталаган түзүмдүк бөлүмдөрдүн түзүлүшүнө жол бербөөгө;

5. билим берүү процессин бекитилген окуу пландарына, сабактардын расписаниесине, окуу сабактарынын белгиленген түрлөрүнө жана билим алуучулардын жүктөмүнө коюлган талаптарга ылайык уюштурууга;

6. белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияны өткөрүү үчүн шарттарды камсыз кылууга;

7. белгиленген талаптарга ылайык билим берүү жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтерди жана академиялык маалымкаттарды берүүнү жүзөгө ашырууга;

8. документацияны, анын ичинде билим алуучулардын өздүк иштерин, билим берүү жөнүндө документтерди жана аттестациялык материалдарды жүргүзүүнү, сактоону жана коргоону камсыз кылууга;

9. педагогикалык кызматкерлердин беш жылда бир жолудан кем эмес кесиптик өнүгүүсү жана квалификациясын жогорулатуусу үчүн шарттарды түзүүгө;

10. билим алуучулардын жана кызматкерлердин укуктарын коргоону камсыз кылууга, кайрылууларды кароого жана Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын сакталышын камсыз кылууга.

21. Колледж негизги жалпы билим берүүнүн, жалпы орто билим берүүнүн, баштапкы кесиптик билим берүүнүн жана кошумча кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашыруучу комплекстүү билим берүү уюму катары билим берүү ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырууга укуктуу. Колледждин аталган билим берүү программаларын ишке ашыруу боюнча ишмердүүлүгү (анын ичинде окууга кабыл алуу, билим берүү жөнүндө документтерди берүү, билим алуучуларга жана кызматкерлерге укуктарды, социалдык кепилдиктерди жана жеңилдиктерди берүү) тийиштүү билим берүү уюмдары жөнүндө.

22. Колледжде илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштер, ошондой эле инновациялык ишмердүүлүк жүзөгө ашырылышы мүмкүн, аларды каржылоо республикалык бюджеттин жана колледждин атайын каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт. Мында колледждин түзүмүндө тийиштүү бөлүмдөр түзүлүшү мүмкүн.

23. Колледж өз ишмердүүлүгүнүн түрү боюнча жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген бирикмелерге, союздарга жана ассоциацияларга кире алат.

24. Колледж өз компетенциясынын чегинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык билим берүү мамилелерин жөнгө салуучу ченемдерди камтыган локалдык ченемдик актыларды кабыл алат.

25. Колледж билим берүү ишмердүүлүгүн уюштуруунун жана жүзөгө ашыруунун негизги маселелери боюнча, анын ичинде билим алуучуларды кабыл алуу эрежелерин, билим алуучулардын сабактарынын режимин, билим алуучулардын жетишүүсүн кезектеги көзөмөлдөөнүн жана аралыктык аттестациясынын формаларын, мезгилдүүлүгүн жана тартибин, билим алуучуларды которуу, окуудан чыгаруу жана кайра калыбына келтирүү тартибин жана негиздерин, билим берүү уюму менен билим алуучулардын

жана (же) билим алуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) ортосундагы мамилелердин пайда болушун, токтотула турушун жана токтотулушун тариздөө тартибин регламенттөөчү локалдык ченемдик актыларды кабыл алат.

26. Колдонуудагы мыйзамдарда, жамааттык келишимде, макулдашууларда белгиленген учурларда, Колледж локалдык ченемдик актыларды кабыл алууда кызматкерлердин өкүлчүлүктүү органынын пикирин эске алат.

27. Колледждин билим алуучуларынын жана кызматкерлеринин укуктарына тиешелүү локалдык ченемдик актыларды кабыл алууда Студенттик кеңештин, ошондой эле эмгек мыйзамдарында каралган тартипте жана учурларда кесиптик бирликтин шайлануучу органынын пикири эске алынат.

## 4-глава. Билим берүү уюмунун түзүмү

28. Юридикалык жак статусуна ээ болгон бөлүмдөр өздөрүнүн уставдарынын жана жоболорунун негизинде аракеттенишет, өз алдынча баланста болушат жана өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын талаптарына жана Типтүү уставга так ылайык жүзөгө ашырышат.

29. Билим берүү уюмунун карамагында төмөнкүлөр болот:

1) филиалдар, бөлүмдөр, даярдоо курстары, окуу кабинеттери жана лабораториялары, окуу жана окуу-производстволук өнөрканалары жана чарбалары, окуу полигондору, кошумча кесиптик билим берүүнүн түзүмдүк бөлүмдөрү, жатаканалар жана башка окуу жана чарбалык түзүмдүк бөлүмдөр;

2) лабораториялар, борборлор, бөлүмдөр, окуу-өндүрүштүк комплекстер, алдыңкы тажрыйба борборлору жана башкалар.

30. Колледж юридикалык жак статусундагы түзүмдүк бөлүмдөрдү же филиалдарды түзө алат, аларды обочолонгон мүлк менен камсыз кыла алат, ошондой эле кесиптик ассоциацияларды, окуу-методикалык бирикмелерди, окуу-өндүрүштүк жана инновациялык бөлүмдөрдү түзө алат.

## 5-глава. Колледжди башкаруу

31. Колледжди башкаруу демократия, децентрализация, автономия жана өзүн-өзү башкаруу принциптеринде курулат.

32. Колледжде шайлануучу өкүлчүлүктүү орган – колледждин кеңеши (мындан ары – кеңеш) түзүлөт. Колледжде өзүн-өзү башкаруунун башка органдары да түзүлүшү мүмкүн: педагогикалык, методикалык, камкордук кеңештери жана башкалар. Башкаруу органдарын шайлоо тартиби жана алардын компетенциясы Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылары жана Колледждин Уставы менен аныкталат.

33. Колледждин жогорку органы уюштуруучу – Кыргыз

Республикасынын Илим, жогорку билим жана инновациялар министрлиги болуп саналат.

34. Уюштуруучунун компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

1) Колледждин Уставын бекитүү;

2) Колледжди кайра уюштуруу жана жоюу жөнүндө чечимдерди кабыл алуу, жоюу комиссиясын дайындоо жана жоюу балансын бекитүү;

3) колледждин уставында белгиленген башка ыйгарым укуктар.

35. Колледжди түздөн-түз жетекчиликке алуу директор тарабынан жүзөгө ашырылат. Директорду кызматка дайындоо жана кызматтан бошотуу Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим жана инновациялар министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларына ылайык жүзөгө ашырылат.

36. Колледждеги директор:

1) өзү мурда чыгарган буйруктарды жана тескемелерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ушул Уставга, Колледждин Кеңешинин чечимдерине каршы келген учурда же аларды колдонуу зарылчылыгы жоголгондугуна байланыштуу толугу менен же жарым-жартылай жокко чыгарууга (күчүн жоготту деп таанууга) укуктуу;

2) Колледжде коррупциялык укук бузуулардын алдын алуу, аныктоо жана бөгөт коюу боюнча чаралардын жүзөгө ашырылышын камсыз кылат, Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын талаптарынын аткарылышын уюштурат, билим берүү уюмунун кызматкерлери жана билим алуучулары тарабынан коррупцияга каршы ченемдердин сакталышын көзөмөлдөйт;

3) колледждин учурдагы ишмердүүлүгүнө, тагыраак айтканда: билим берүү, маркетингдик, чыгармачылык, чарбалык, финансылык жана башка ишмердүүлүгүнө түздөн-түз жетекчилик кылат;

4) ишеним катсыз колледждин атынан иш жүргүзөт, бардык органдарда жана уюмдарда анын кызыкчылыктарын билдирет;

5) өз компетенциясынын чегинде жана колледждин Уставында белгиленген тартипте колледждин мүлкүнө тескеме берет, келишимдерди түзөт, колледждин атынан иш-аракеттерди жасоого ишеним каттарды берет, каражаттарды тескеп-иштетүү укугунан пайдаланат;

6) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кызматкерлерди, колледждин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилерин жумушка кабыл алат жана жумуштан бошотот;

7) кызматкерлерге карата сыйлоо чараларын көрөт жана аларга тартиптик жазаларды колдонот;

8) билим алуучуларды кабыл алуу, которуу, академиялык өргүү берүү, кайра калыбына келтирүү жана окуудан чыгаруу боюнча буйруктарды чыгарат;

9) бардык кызматкерлер жана билим алуучулар үчүн аткарылышы милдеттүү болгон буйруктарды чыгарат жана көрсөтмөлөрдү берет;

10) колледждин бардык бөлүмдөрүнүн жана кызматтарынын

жетекчилеринин кызматтык милдеттерин аныктайт;

11) педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу планын бекитет;

12) колледждин локалдык ченемдик актыларын, колледждин түзүмүн, штаттык расписаниесин, окуу үчүн акы төлөөнү, колледждин чыгымдар сметасын бекитет;

13) колледжде кесиптик даярдыктын аякташынын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик экзамендик комиссиялардын жыйынтыктарын бекитет;

14) колледждин кеңешинин жана педагогикалык кеңештин ишмердүүлүгүнө жетекчилик кылат;

15) тийиштүү отчетторду кабыл алат жана угат, окуу пландарынын жана башка пландардын аткарылышын көзөмөлдөөнү камсыз кылат;

16) жыл сайын билим берүү уюмунун ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрү боюнча Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим жана инновациялар министрлигине отчет берет;

17) ушул Уставда тизмеленбеген, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына каршы келбеген колледжди өнүктүрүү боюнча башка ишмердүүлүктөрдү жүргүзөт.

37. Колледждин кеңеши колледжди башкаруунун коллегиалдуу органы болуп саналат. Кеңештин курамына колледждин директору, кызматкерлердин бардык категорияларынын, билим алуучулардын өкүлдөрү, ошондой эле кызыкдар ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын өкүлдөрү кирет. Кеңештин төрагасы колледждин директору болуп саналат. Кеңештин башка мүчөлөрү жалпы чогулуш (конференция) тарабынан шайланат. Кеңештин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү үч жылдан ашпоого тийиш. Кеңештин мөөнөтүнөн мурда шайланышы анын мүчөлөрүнүн жарымынан кем эмесинин талабы боюнча, ошондой эле колледждин уставында каралган башка учурларда өткөрүлөт.

38. Колледждин кеңешиний компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

1) колледждин стратегиялык документтерин иштеп чыгуу;

2) Колледждин Уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча маселелерди кароо;

3) билим берүү уюмунун түзүмүн макулдашуу жана аны колледждин директоруна бекитүүгө сунуштоо;

4) колледжди өнүктүрүүнүн жылдык, келечектүү жана стратегиялык пландарын бекитүү;

5) директордун орун басарларынын, колледждин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин окуу, методикалык, чарбалык ишмердүүлүк боюнча отчетторун угуу жана аларды андан ары өркүндөтүү боюнча чечимдерди кабыл алуу;

6) окуу-тарбия процессин уюштуруу жана оптималдаштыруу, окутуунун натыйжалуу технологияларын киргизүү маселелерин кароо;

7) колледждин педагогикалык кызматкерлерин жана кызматкерлерин мамлекеттик сыйлыктарга көрсөтүү жөнүндө иштерди кароо;

8) колледжке кабыл алуу эрежелерин, ички тартип эрежелерин, окуу

пландарын жана окуу предметтеринин программаларын, окуу процессинин графиктерин, тандоо боюнча предметтерди жана башка локалдык ченемдик актыларды кароо жана бекитүү;

9) тартипти бузган, кызматтык милдеттерин сапатсыз же толук эмес аткарган учурларда кызматкерлерге карата чараларды кароо, талкуулоо жана колдонуу;

10) кызматкерлерди сыйлоо жана аларга жазаларды (эскертүү, сөгүш) берүү, кезексиз аттестация өткөрүү, жумуштан бошотуу маселелери жөнүндө сунуштарды киргизүү.

39. Кеңеш менен директордун ортосундагы ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү билим берүү уюмунун уставы менен аныкталат.

## 6-глава. Абитуриенттерди кабыл алуу, студенттерди которуу, кайра калыбына келтирүү, окуудан чыгаруу жана аларга академиялык өргүү берүү тартиби

40. Колледжке абитуриенттерди кабыл алуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 10-апрелиндеги № 240 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдарына окууга адамдарды кабыл алуу тартибине ылайык жүзөгө ашырылат.

41. Бюджеттик каражаттардын эсебинен окуган же орто кесиптик билим алган Кыргыз Республикасынын жарандары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы № 355 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарынын мамлекеттик билим берүү гранттары жана бюджеттик орундары жөнүндө жободо көрсөтүлгөн учурларда, адисти даярдоого кеткен чыгымдарды мамлекеттик билим берүү грантынын (бюджеттик орундун) өлчөмүндө колледжке кайтарып берүүгө милдеттүү.

42. Блим алуучуларды которуу, окуудан чыгаруу жана кайра калыбына келтирүү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-июнундагы № 329 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдарынын билим алуучуларын которуу, окуудан чыгаруу, кайра калыбына келтирүү жана аларга академиялык өргүү берүү тартиби жөнүндө жобого ылайык жүзөгө ашырылат.

43. Билим алуучулардын кезектеги көзөмөлүнүн, аралыктык аттестациясынын жана академиялык карыздарын жоюунун тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-июнундагы № 329 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдарында билим алуучулардын кезектеги жана аралыктык аттестациясын өткөрүү жана академиялык кредиттерди колдонуу менен окуу процессин уюштуруу жөнүндө типтүү жобого ылайык аныкталат.

## 7-глава. Билим алуучулардын укуктары жана милдеттери

44. Орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын өздөштүрүү үчүн белгиленген тартипте директордун буйругу менен окууга кабыл алынган адам колледждин билим алуучусу (студенти) болуп саналат. Билим алуучуларга кагаз түрүндөгү жана/же электрондук форматтагы белгиленген үлгүдөгү студенттик билеттер жана баалоо китепчелери берилет.

Даярдоо курстарында окуу же кошумча кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүү үчүн директордун буйругу менен колледжке кабыл алынган адам колледждин угуучусу (мындан ары – угуучу) болуп саналат. Угуучунун билим берүү кызматтарын алуу бөлүгүндөгү укуктук абалы тийиштүү окутуу формасынын билим алуучусунун статусуна шайкеш келет.

45. Билим алуучулар төмөнкүлөргө укуктуу:

1) мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык сапаттуу билим алууга;

2) коопсуз билим берүү чөйрөсүнө;

3) ден соолукка, моралдык жана руханий өнүгүүгө зыян келтирүүчү маалыматтардан, үгүттөөдөн жана насааттардан коргонууга;

4) медициналык кароодон өтүүгө жана биринчи медициналык жардамдын уюштурулушуна;

5) эксплуатациялоонун каалаган формаларынан жана ден соолукка зыян келтирүүчү аракеттерден, ошондой эле физикалык жана психологиялык зомбулуктан, кадыр-баркты басмырлоодон коргонууга;

6) адамдык кадыр-барктын сыйланышына, өз көз караштарын жана ишенимдерин эркин билдирүүгө;

7) анын ичинде акы төлөнүүчү негизде да кошумча билим берүү кызматтарын алууга;

8) билим берүү уюмундагы маалыматтык ресурстардан акысыз пайдаланууга;

9) аскердик милдеттүүлүк, аскердик жана альтернативалык кызматтар чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аскердик кызматка чакырууну мөөнөтүн узартууга (күндүзгү окуу формасында);

10) бюджеттик каражаттардын эсебинен окуган учурда белгиленген тартипте жана өлчөмдө стипендия алууга;

11) окуу акысын төлөө менен келишим боюнча окуган учурда колледж тарабынан белгиленген тартипте атайын каражаттардын, республикалык бюджеттин каражаттарынын жана демөөрчүлүк каражаттардын чегинде социалдык колдоо чараларын алууга;

12) окуунун каалаган этабында билим берүү уюмун жана окутуу формасын тандоого, мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык билим алууга, ошондой эле акы төлөнүүчү негизде жекече билим берүү кызматтарын алууга;

13) колледждин тийиштүү турак жай фонду болгон учурда жатаканадан орун алууга.

46. Билим алуучулар милдеттүү:

1) билим берүү программаларын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде өздөштүрүүгө;

2) окуу сабактарына катышуу жана аттестациялардын бардык түрлөрүнөн өтүү боюнча талаптарды аткарууга;

3) ички тартип эрежелерин жана жүрүм-турумдун этикалык ченемдерин сактоого;

4) жалпы улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды сыйлоого;

5) колледжке келтирилген зыян үчүн Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартууга.

47. Колледж тарабынан орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык иштелип чыккан адистиктер же даярдоо багыттары боюнча билим берүү программасын толук көлөмдө ийгиликтүү аяктаган бүтүрүүчүлөр жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны тапшырууга коё берилет.

48. Негизги программа боюнча окууну аяктаган, бүтүрүүчү квалификациялык ишин коргогон жана/же тийиштүү мамлекеттик экзамендерди тапшырган билим алуучуга Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын чечими менен тийиштүү даярдоо адистиктери боюнча квалификация берилет жана мамлекеттик же өздүк үлгүдөгү бүтүргөндүгү тууралуу диплом берилет.

49. Билим алуучулар жеке же юридикалык жактар тарабынан төлөнүүчү стипендияларды, ошондой эле башка стипендияларды алууга укуктуу.

50. Колледж колдо болгон атайын каражаттардын жана республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарында каралган билим алуучуларды социалдык колдоо чараларын өз алдынча иштеп чыгат жана ишке ашырат.

51. Билим берүү программаларын өздөштүрүүдөгү, эксперименталдык-конструктордук жана башка жумуштардагы ийгиликтери үчүн билим алуучулар үчүн моралдык жана материалдык сыйлоонун ар кандай формалары белгиленет.

52. Мамлекеттик билим берүү гранттарынын эсебинен окуган жаш адистерди бөлүштүрүү тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

## 8-глава. Колледждин кызматкерлери

53. Колледжди педагогикалык кызматкерлер, окуу-көмөкчү жана административдик-чарбалык персонал менен толуктоо келишимдик (контракттык) негизде, пенсиялык куракка жете элек, тийиштүү билими жана иш тажрыйбасы бар адамдардын ичинен жүзөгө ашырылат. Пенсиялык куракка жеткен адамдарды тартуу билим берүү процессинин зарылчылыгына жараша жол берилет.

54. Педагогикалык кызматкерлер тийиштүү предметтик-методикалык

комиссияларга биригишет, алар бөлүмдөрдүн кеңешинин жана колледждин педагогикалык кеңешинин курамына кирет.

55. Колледждин педагогикалык кызматкерлерине директордун буйругу менен бөлүмдү, кафедраны, циклдик комиссияны жетектөө, кабинетти, лабораторияны башкаруу жана тайпаларга кураторлук кылуу милдеттери жүктөлүшү мүмкүн.

56. Соттуулугу бар же медициналык каршы көрсөтмөлөрү бар адамдар педагогикалык ишмердүүлүккө коё берилбейт, алардын тизмеси Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдары менен аныкталат.

57. Педагогикалык кызматкердин укуктары жана милдеттери Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-июнундагы № 329 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюму жөнүндө жобо менен белгиленген.

58. Административдик-чарбалык, инженердик-техникалык, өндүрүштүк, окуу-көмөкчү жана башка персоналдын укуктары жана милдеттери Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары, колледждин ички тартип эрежелери жана кызматтык нускамалары менен аныкталат.

59. Колледждин администрациясы өз кызматкерлерине коопсуз эмгек шарттарын камсыз кылат жана алардын ден соолугуна жана эмгекке жөндөмдүүлүгүнө келтирилген зыян үчүн Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчилик тартат.

60. Колледждин педагогикалык кызматкери менен түзүлгөн эмгек келишими Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында каралган учурларда токтотулушу мүмкүн.

61. Административдик-башкаруу курамы кызматтарды айкалыштыруу шарттарында педагогикалык иш менен да алектене алат. Бул жумуштарды аткаруу шарттары Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык эмгекке акы төлөө шарттары менен шартталат.

62. Колледждин кызматкерлери Уставды, Ички тартип эрежелерин сактоого, кесиптик этиканы так сактоого, өздөрүнө жүктөлгөн функционалдык милдеттерди сапаттуу аткарууга милдеттүү.

63. Колледждин жетекчилиги кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу үчүн зарыл шарттарды түзөт. Кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу республикалык бюджеттин жана колледждин атайын каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жогорку кесиптик билим берүү уюмдарында, кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүчү билим берүү уюмдарында, илимий, илимий-методикалык жана башка мекемелерде жана уюмдарда окуудан жана (же) стажировкадан өтүү, диссертация даярдоо жана коргоо аркылуу же башка формаларда жүргүзүлөт. Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу мөөнөттөрү Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен белгиленет.

64. Колледждин жетекчи жана педагогикалык кызматкерлери ыйгарым

укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленүүчү тартипте аттестациядан өтүшөт.

65. Администрациянын демилгеси боюнча колледждин окутуучуларын жумуштан бошотуу кызматкерлердин санын кыскартууга байланыштуу болсо, буга окуу жылы аяктагандан кийин гана жол берилет.

## 9-глава. Билим берүү процессин уюштуруу

66. Билим берүү кызматтарын көрсөтүү окуучунун жеке муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен окутуунун ар кандай формаларында жүзөгө ашырылат.

67. Билим берүү программалары төмөнкүдөй формаларда өздөштүрүлөт: күндүзгү (очной), кечки (очно-заочной), сырттан (заочной), аралыктан (дистанционной), экстернат, ошондой эле үй-бүлөлүк билим берүү жана үйдө окутууну камтыган жекече окутуу формасында. Колледждеги экстернат жөнүндө жобо ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилет. Орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасын ишке ашырууда гибриддик жана онлайн-окутуу, ошондой эле жумуш ордунда окутуу, дуалдык окутуу колдонулушу мүмкүн.

68. Кечки (очно-заочной), сырттан (заочной) формаларда жана экстернат формасында алууга жол берилбеген адистиктердин жана кесиптердин тизмеси Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 17-февралындагы № 76 токтому менен бекитилген.

69. Аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен окутуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 17-февралындагы № 76 токтому менен бекитилген Жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу тартибине ылайык жүзөгө ашырылат.

70. Колледж ар бир окуучунун мамлекеттик, расмий жана бир чет тилин үйрөнүүсү үчүн шарттарды түзөт.

71. Билим берүүнүн бардык формалары боюнча сабактардын негизги түрлөрү мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын аткарылышын камсыз кылуучу окуу пландары жана программалары менен аныкталат. Колледжде сабактардын негизги түрлөрүнөн тышкары, окуучулардын кызыгууларын жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган кошумча сабактар, факультативдер жана сабактардын башка түрлөрү акы төлөнүүчү негизде киргизилиши мүмкүн.

## 10-глава. Билим берүүнү өнүктүрүүнү каржылоо

72. Колледжди каржылоо булактары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-июнундагы № 329 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюму жөнүндө жобого ылайык аныкталат.

73. Акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүү үчүн тарифтер Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы № 300 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарына тарифтерди калыптандыруу жана колдонуу жөнүндө жобого ылайык колледж тарабынан өз алдынча белгиленет.

74. Колледж жеке жана юридикалык жактар, анын ичинде бюджеттик каражаттардын эсебинен окугандар менен түзүлгөн келишимдер боюнча (ыктыярдуу негизде) тийиштүү билим берүү программаларынан жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынан тышкары кошумча акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтө алат.

75. Колледждин камкордук кеңеши ыктыярдуу негизде ыктыярдуу төгүмдөрдөн, кайрымдуулуктардан жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка түшүүлөрдөн финансылык жана башка акчалай каражаттарды тарта алат. Камкордук кеңеши тарабынан колледж үчүн тартылган акчалай каражаттар казыналыктын атайын эсебине которулат жана камкордук кеңешинин чечимине ылайык максаттуу багыты боюнча колдонулат.

76. Колледжде билим алгандардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) үчүн колледж тарабынан финансылык жана башка материалдык жардам көрсөтүү жөнүндө маалыматтар, кирешелер жана чыгашалар тууралуу отчеттор ачык жеткиликтүү болушу керек.

## 11-глава. Колледждин инфраструктурасы жана материалдык-техникалык базасы

77. Колледждин инфраструктурасы жана материалдык-техникалык базасы билим берүү ишинде жана билим берүү чөйрөсүндөгү башка милдеттерди чечүүдө колдонулуучу имараттарды, курулмаларды, курулуштарды, коммуникацияларды, жабдууларды, транспорт каражаттарын, ошондой эле башка материалдык жана техникалык активдерди камтыйт.

78. Колледждин материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүсүнүн макулдугу менен жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин талаптарына ылайык, негизделген финансылык эсептөөлөрдүн негизинде, ага бекитилип берилген бюджеттик жана атайын каражаттардын чегинде колледждин өзү тарабынан жүзөгө ашырылат. Жабдууларды сатып алууга, капиталдык оңдоого кеткен чыгымдардын өлчөмү колледж тарабынан болгон муктаждыкка жана белгиленген тартипте бекитилген колледждин кирешелер жана чыгашалар сметасынын чегинде финансылык каражаттардын болушуна карап өз алдынча аныкталат.

79. Колледждин билим берүү, окуу-өндүрүштүк ишмердүүлүгүндө жана билим берүү чөйрөсүндөгү башка милдеттерди чечүү үчүн колдонулуучу материалдык-техникалык базасы акысыз ээлик кылууга, колдонууга берилбейт жана ажыратылбайт.

80. Колледж тарабынан материалдык-техникалык базаны ижарага берүүдөн алынган киреше колледж тарабынан Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык бөлүштүрүлөт.

## 12-глава. Эл аралык кызматташтык

81. Колледж Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык билим берүү, илимий жана башка иштер чөйрөсүндө эл аралык кызматташтыкты жүзөгө ашырууга укуктуу.

82. Колледждын эл аралык кызматташтыгы Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим жана инновациялар министрлиги менен чет мамлекеттердин билим берүүнү башкаруу боюнча тийиштүү органдарынын ортосундагы келишимдердин, ошондой эле колледж менен чет өлкөлүк билим берүү мекемелеринин, чет өлкөлүк жеке жана (же) юридикалык жактардын ортосунда түзүлгөн келишимдердин негизинде жүзөгө ашырылат.

## 13-глава. Колледжди кайра уюштуруу жана жоюу тартиби

83. Колледжди кайра уюштуруу жана жоюу Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

84. Колледж кайра уюштурулганда, анын түзүмү өзгөргөндө, ошондой эле статусу өзгөргөндө анын уставына тийиштүү өзгөртүүлөр киргизилет. Уставга өзгөртүүлөрдү киргизүү колледждин кеңеши тарабынан каралат жана чечим уюштуруучу - Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим жана инновациялар министрлиги тарабынан кабыл алынат.

85. Колледжди кайра уюштуруу же жоюу, эреже катары, окуу жылынын аягында жүзөгө ашырылат. Бул учурда уюштуруучу окуучуларды алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдугу боюнча башка билим берүү уюмдарына которуу жоопкерчилигин өзүнө алат.